
# Сыйкырдуу магнит



Автор: Бакытбек Джунусалиев

Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

# Сыйкырдуу магнит

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сыйкырдуу магнит" (кыргыз тилинде), автор Бакытбек Джунусалиев, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Аскар мектептен келип эле бөлмөсүнө кирип кетти. Күндөгүдөй ойноп келейин деп ойлогон да жок. Себеби мугалими абдан кызыктуу тапшырма берген. Ал тапшырма үчүн керек болгон пластик стакан, магнит жана скрепкаларды дүкөндөн сатып ала келген.

– Сезим, келсең, мен сага кызык бир нерсе көрсөтөм, – деп Аскар карындашын жанына чакырып алды. – Буларды көрдүңбү?

– Ооба, – деп кызыга түштү Сезим.

Жука көк дептердин үстүндө жаткан скрепкаларды карап калды.

– Азыр карап тур, – деди да, бир колу менен дептерди көтөрүп, экинчи колун дептердин алдына салды. Ошол учурда скрепкалар бир жерге топтошуп калды. Андан кийин Аскар колун кайсы жакты көздөй жылдырса, скрепкалар солдаттардай болуп, ошол жакты көздөй ээрчишип жылып жатты.

– Ай-ий, сонун го! – деп кызыга түштү Сезим.

Анын көзүнөн бир укмуштуудай сыйкырды көрүп жаткандай кызыгууну байкаса болот эле.

– Эми колуң менен булардын арасын ачып көрчү, – деди Аскар.


Сезим сөөмөйү менен скрепкалардын арасын ачып жылдырса деле, кайра эле баары ортого чогулуп калып жатты.


– Муну кантип жасап жатасыз? – деп Сезим чындап таң калды.

– Мен жасаган жокмун, магнит деп коёт муну, – деп дептердин алдынан бир жагы кызыл, бир жагы көк түстөгү ийилип жасалган магнитти алып чыкты. Анан ал бүгүнкү сабакта мугалими айтып берген маалыматты дыкат түшүндүрүп бере баштады.











– Бул магнит атайын материалдан жасалат. Ал материалдын айланасында бизге көрүнбөгөн магнит талаасы пайда болот. Ал талаа өзүнө жеңил темирлерди тартып алат. Ортосунда дептер турганына карабастан, скрепкалар магнитке тартылат. Аны кайда жылдырсам, ошол жакка кошо жылып жатканы бизге көрүнбөгөн магнит талаасынын таасиринен болуп жатат.

– Берсеңиз, мен кармап көрөйүн. Аябай кызык турбайбы! – деп Сезим магнитти колуна алды.

Эки жагын карап көрүп, дептердин алдына кармады эле, бошоп калган скрепкалар кайрадан чогулуп калды. Ошол маалда апасынын “чай ичкиле” деген үнү угулду. Аскар дептер менен магнитти Сезимге берип, скрепка жана пластик стаканды өзү алып ашканага жөнөштү.

Чай ичип жатып, Аскар магнит менен сабакта жасаган тажрыйбалары тууралуу апасына айтып берди.

– Апа, бүгүн биз “Мен жана дүйнө” деген сабакта жаңы тема өттүк. Анда агай бизге магнит тууралуу көп нерсе айтып берди. Магнит турмушта чоң өнөр жайлардан баштап, күнүмдүк жашоодо да колдонулат. Мисалы, телевизор, компьютер, телефон, темир тактадагы шахматтын фигураларында, муздаткычтын эшигинде, анын бетиндеги кооз сувенирлерде да магнит боло турганын айтып берди.

Сезим тура калып, муздаткычтын бетиндеги жабышкан кичинекей сувенирлердин артын бирден карай баштады.

– Чын эле, булардын баарынын артында магнит бар экен, – деди ал.

– Мындан тышкары, Жер шарынын дагы, башка планеталардын дагы магниттик талаалары бар. Айрым жаныбарлар, канаттуулар, курт-кумурскалар, ал тургай балыктар дагы жердин магниттик талаасынын жардамы менен бара турган жайын адашпай таап барышат деп агай бизге түшүндүргөн, – деп сөзүн улады Аскар.

– Азаматсың, Аскар. Карачы, бир эле сабакта канча пайдалуу нерселерди билип алгансың. Ар бир сабакты ушундай кызыгуу менен жакшы окусаң, көп ийгиликке жетесиң, – деди апасы кубаттап.

– Азыр дагы бир кызык нерсе көрсөтөм.



Пластик стаканга суу куюп, ага скрепкадан экини салды.

– Кана, Сезим, колуңду сууга салбай туруп, скрепкаларды стакандан алып чыкчы, – деди Аскар.

– Кантип?

– Магнитти стакандын сыртына кармасаң, скрепкалар магнитке жабышат. Анан сен акырын жогору көтөрүп, алып чыксаң болот.

Сезим магнитти стакандын түбүнө жылдырып алып барды. Скрепкалар дароо стакандын капталына жабышып калды. Сезим акырындан магнитти жогору жылдыра берди. Скрепкалар да кошо жылды. Акыры алар суудан чыкканда, аны Сезим колуна ала койду.

– Мына, колумду сууга салбай алып чыктым, – деп Сезим тажрыйбаны өзү жасаганына кубанып калды.



Аскар үй тапшырмасын дароо эле жасап салгысы келип, бирок эмне жасарын билбей жатты. Оюна эч бир идея келбей койду.

– Мен билем, – деди Сезим бир аз ойлонуп туруп. – Гүлдөрдү тартып, аркасына магнит чаптайбыз. Көпөлөк да тартып, гүлдөргө кондуруп койсо болот.

– Сезим, азаматсың! Эмне жасарымды билбей, кыйналып жаттым эле. Сага чоң рахмат! Кел, чогуу жасайлы, – деди Аскар кубанып.

Сезим альбомдун барагына чоңураак кылып ар кандай гүлдөрдү тартты. Аскар көпөлөктүн сүрөтүп тартып, кооздоп боёп койду. Анан тегиздеп кыркып алды. Скрепканын бирин алып, көпөлөккө кыпчытып, канаттарын бир аз артка кайрып койду.

– Мен тартып бүттүм, – деди Сезим.

– Жакшы болду. Анда азыр гүлдөрүңө бул көпөлөктү кондурабыз. Сүрөттү мындай кармап тур, – деп Аскар сүрөттү тикесинен карматты. Барактын артына магнитти кармап туруп, скрепка кыпчытылган көпөлөктү альбомдун барагына жакындатканда, ал баракка жабышып калды. Магнитти жылдырган сайын, баракка жабышкан көпөлөк да жылып жатты. Акырын үйлөп койсо, жандуу көпөлөктөй канаттары кыймылдап калды.

– Ура! Көпөлөк гүлдөрдүн арасында учуп жүрөт, – деп кубанганынан кыйкырып жиберди Сезим.

Аскар болсо көпөлөктү улам бир гүлгө жылдыра берди. Сезимге бул тажрыйба абдан жакты.



Экөө мындай табылгаларына абдан кубанышты. Үй тапшырма катары аябай жакшы тажрыйба болду. Ошентсе да, дагы эмне кошумчаласа болот деп ойлонуп отурушту.

– Мен азыр келем, – деп Аскар бөлмөдөн чыгып кетти.

Бир убакта ичке жип жана альбомдун барагы баткыдай чакан куту таап келди.

– Эми бул көпөлөгүбүз асманга учат, – деди Аскар.

– Асмангабы? Өзүбү? Кантип? – деп Сезим катарынан бир топ суроо берип жиберди.

Аскар сүрөттү кутуга жайгаштырды эле, анын ичи гүл талаасын чагылдырган сахнага окшоп калды. Кутунун жогору жагынан ортолотуп кичинекей көзөнөк жасап, жиптин бир учун байлады. Экинчи учун кутунун төмөн жагына жетпегендей кылып, көпөлөктүн денесине кыпчытылган скрепкага байлады. Көпөлөк кутунун орто ченинде илинип туруп калды. Андан кийин магнит менен көпөлөктү улам бир гүлгө секиртип, кондуруп жатты. Магнитти алып койгондо көпөлөк термелип, мурунку ордуна келди. Кутунун алды жагынан карап турган Сезимге көпөлөк чындап эле өзү тарткан гүлдөрдүн үстүндө учуп-конуп жүргөндөй сезилди.

– Ай-ий! Карагылачы, биздин көпөлөк учуп жүрөт! Магнит сонун турбайбы, – деди Сезим чоң ачылышка салымын кошконуна кубана. – Дагы башка тажрыйба жасайбызбы?

– Албетте, кийинки жумада агай кадимки ийне менен компас жасаганды көрсөтөм деди. Экөөбүз аны да чогуу жасайбыз...

Карындашы Сезим менен жасаган алгачкы тажрыйбасы ийгиликтүү болгонуна кубанып жатты.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли